Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту
Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

Д 10.16.525 Диссертациялык кеңеш

*Кол жазма укугунда*
УДК: 894. 342 (575.2) (043.3)

**Жакупова Алия Өмиржановна**

# ЖУСЫПБЕК АЙМАУЫТОВ ЖАНА КАЗАК АДАБИЙ СЫНЫ

10.01.03 – чет өлкөлөр адабияты (казак адабияты)

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган дисертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек - 2016**

Диссертациялык иш Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин казак адабияты жана теориясы кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин доктору,
профессор **Бисенгали Зинол-Габден Кабиевич.**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору,
доцент **Койчуев Бахтияр Турарович,**

филология илимдеринин кандидаты,
доцент **Медетов Аскар Советович.**

**Жетектөөчү мекеме:** Абай атындагы Казак улуттук педагогикалык университети, казак адабияты кафедрасы.
Дареги: Алматы ш., Достук проспектиси, 13.

Диссертациялык иш 2016-жылдын ...-декабрында саат ... 00дө КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча тузүлгөн Д 10.16.525 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.
Дареги: 720071. Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а.

Диссертация менен КР УИАнын илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071. Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а.

Автореферат 2016-жылдын 25-ноябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н.Т.**

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу:** Илимий иште казак улуттук адабияты менен маданиятынын көрүнүктүү ишмери Жусупбек Аймауытовдун чыгармачылыгы атайын иликтөөгө алынып, адабий сындын өнүгүшүндө анын чыгармачылыгынын орду аныкталган. Изилдөөдө казак адабияттаануусунун өнүгүшүндө Жусупбек Аймауытовдун, асыресе, анын адабий сын багытындагы мурасынын ролун баалоо аракети жасалды.

XX кылымдын биринчи жарымы коомдук турмушту түп тамыры менен өзгөрүүлөргө туш кылды жана казак адабиятынын тарыхый өнүгүшүндө болуп көрбөгөндөй бурулуштар болду. Коңушулаш Орусияда болуп өткөн саясий окуялар казактардын коомдук турмушуна өз таасирин тийгизбей койбойт эле. Ошол учурда казак улутунун келечегин айкындап турган жаңычыл адабий агым калыптанды. Улут көсөмдөрү болушкан Ахмет Байтурсуновдун, Миржакып Дулатовдун, Магжан Жумабаевдин, Жусупбек Аймауытовдун, Мухтар Ауэзовдун, Шакарим Кудайбергеновдун чыгармалары казак адабиятынын тарыхында өзүнчө бир доор болуп калды. Ал көркөм дөөлөттөр казак адабиятында өз ордуларын табышты жана баарынан мурда “Алаш” коомунун ишмердигинен улам жалпы журтка белгилүү болушту.

Улуттук адабияттын калыптанышында бөтөнчө бир роль Жусупбек Аймауытовго таандык. Ал өзүнүн адабий чыгармачылыгын социалдык темаларга, театр искусствосунун маселелерине арналган макалалар менен баштаса да, анын чыгармачылыгын туу чокусун казак поэзиясы, анын ичинде Абай менен Магжан Жумабаевдин ырлары жөнүндөгу эмгектери түзүп турат.

Оторчулук саясатын жана тоталитардык идеологиянын кесепетинен улам Ж.Аймауытовдун чыгармаларынын бийик көркөм деңгээлин өз учурунда баалоого мүмкүнчүлүк болбоду.

Бүгүнкү күндө Жусупбек Аймауытовдун чыгармачылыгын адабияттаануу, тил илими, педагогика, философия багытында талдоого алган бир катар диссертациялык изилдөөлөр бар. Булардын катарына Р.Турысбектин, Н.Куантаевдин, К.Абдыковдун, А.Досыбаевдин, Г.Карипжанованын, Л.Мекебаевдин, А.Миралиевдин, Н.Тилебалдиндин ж.б.лардын эмгектерин кошуп кетсек болот. Бул диссертациялык изилдөө да аймауытовтаануунун өнүгүшүнө аз да болсо өз салымын кошот.

Сунуш кылынып жаткан диссертациялык изилдөө Ж.Аймауытовдун казак адабий сынына кошкон салымын талдоого алат жана калемгердин Октябрь төңкөрүшүнө чейинки жана андан кийинки мезгилде жазылган чыгармаларына, асыресе, адабий сындын өнүгүшүндөгү илимпоз-жазуучунун орду менен ролун аныктоого олуттуу көңүл бурулду.

**Изилдөөнүн объектиси** – Ж.Аймауытовдун беш томдук чыгармалар жыйнагы менен башка булактарда жарык көргөн эмгектери.

**Изилдөөнүн предмети** – казак адабий сыны.

**Изилдөөнүн максаты** – Ж.Аймауытовдун адабий-көркөм сын багытындагы эмгектерин ар тараптуу талдоого алуу.

Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:

- казак адабий сынынын калыптанышы менен өнүгүшүндөгү Ж.Аймауытовдун ролун аныктоо;
- каралып жаткан мезгилдеги казак адабиятынын көркөм дүйнөсүнүн коомдук-саясий жана идеологиялык аспектилерин жана Ж.Аймауытовдун сынчылык ишмердүүлүгүнүн Октябрь төңкөрүшүнө чейинки жана кийинки мезгилдери аркылуу адабий чөйрөдөгү өзгөчөлүктү ачып берүү;
- Ж.Аймауытовдун казак адабий сынынын теориясынын өнүгүшүнө кошкон салымына бүгүнкү күндүн чен-өлчөмүнөн туруп баа берүү, калемгердин бул тармактагы чыгармачылык ачылыштарын талдоого алуу;
- казак поэзиясына символисттик образдар менен модернисттик таасирлерди алып келген прогрессивдүү акын М.Жумабаевдин чыгармачылыгына Ж.Аймауытов тарабынан берилген сынчыл бааны кароо;
- элдик кызыкчылыкты чагылдырган адабий сын жанрынын өнүгүшүнө кошкон Ж.Аймауытовдун салымына бүгүнкү күндүн теориялык чен-өлчөмүнөн туруп баа берүү.

Диссертациялык иштин **илимий жаңылыгы** Ж.Аймауытовдун адабий сын макалаларын ар тараптуу изилдөөгө алуу болуп эсептелет. Ошону менен бирге иште:

1. Ж.Аймауытовдун буга чейин белгисиз болгон адабий сынчыл көз караштары каралды;
2. архивдик документтерде сакталгансын макалалары менен адабий чыгармаларынын тизмеси берилди;
3. адабий жана өнөртаануу багытында баалуулуктарга ээ деп эсептелген адабий-сын макалалары талдоого алынды;
4. каралып жаткан мезгилге мүнөздүү болгон казак адабиятынын жанрдык белгилери аныкталды;
5. казак адабиятынын өнүгүшүнүн актуалдуу маселелерине жооптор берилди.

Күн тартибинде турган маселелер жөнүндөгү "Абай", "Сауле", "Жаңа мектеп", "Лениншил жас" журналдарында, "Ак жол", "Эңбекши казак", "Казак" гезиттеринде жарыяланган ой толгоолору каралды. Көркөм чыгармаларынын индивидуалдуу стилдери талдоого алынды жана чыгармачылык стилине тиешелүү баа берилди. Диссертация казак адабий сынынын тарыхына баа берүүгө жана анын оригиналдуу бөтөнчөлүктөрүн аныктоого өз салымын кошот.

Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча **коргоого сунуш кылынып жаткан негизги жоболор:**

- Ж.Аймауытовдун “Абайдын өмүрү жана чыгармачылыгы”, “Абайдан кийинки акындар”, “Магжандын поэзиясы тууралуу” деген адабий-сын макалаларынын өзгөчөлүктөрү;

- улуттук сөз өнөрүнүн орчун проблемаларына арналган Ж.Аймауытовдун сын макалаларынын (“Адабият маселеси”, “Көркөм адабиятты талдоо”, “Адабий мурастар”) өзгөчөлүктөрү;

- Ж.Аймауытовдун казак театртаануусунун жаралышына кошкон салымы, сахна өнөрүнүн табияты жана сабактары жөнүндөгү макалалары жана чыгарган тыянактары (“”Калыбек артист”, “Көңүл ачар кече”, “Театр китебитууралуу”);

- Ж.Аймауытовдун орто мектепте окутуунун проблемаларын көтөргөн гуманисттик жана таалим-тарбия багытындагы макалаларынын (“Жаңы мектеп тууралуу”, “Журнал тууралуу”, “Туура жазуу эрежелерин өзгөртүүнүн долбоору”, “Мектеп кандай болуу керек”, “Кат таанытуунун жолдору”) өзгөчөлүктөрү.

**Илимий иштин теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөнүн илимий жыйынтыктары жана айрым материалдары филология факультеттеринин студенттери үчүн өтүлүүчү “Чыгармачылык өнөркана”, “Казак адабий сынынын тарыхы” аттуу атайын курстарды өтүүдө колдонулса болот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Төмөндөгүдөй комлекстүү изилдөө жүргүзүлдү:

-адабий сынчынын чыгармачылыгындагы өмүр баяндык мүнөзгө ээ болуп турган документалдуу материалдар толукталды жана иретке келтирилди;

- Ж.Аймауытовдун өзүнүн көркөм чыгармаларына (мисалы, “Карткожо” романы), адабий сындарына жана адабий чеберчиликтин колдонулушуна илимий чен-өлчөмдөн көңүл бурулду;

- илимий таанып билүү өңүтүнөн ар бир адабий сын макаласына баа берүү жана саясий подтекстти пайдалана билүү боюнча көркөм чеберчиликке ээ калемгер катары өзгөчөлүгүн белгилөө аракети жасалды;

-Магжан Жумабаевдин чыгармачылыгынын көркөм чектерин, анын көз карашындагы чындыкты ачуу боюнча Ж.Аймауытовдун сынчыл пикирлерин талдоонун жолдору белгиленди;

- казак адабиятынын калыпташыш мезгилинде жана ар кайсы жылдары жарык көргөн, адабияттаанууда көрүнүктүү из калтырган, бирок унутта калып, адабият жөнүндөгү илимдин “ак тактары” болуп келген Ж.Аймауытовдун чыгармалары каралды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Илимий изилдөөнүн негизги жоболору менен жыйынтыктары Казакстан Республикасынын Билим берүү жана илими министрлигин билим берүү жана илим тармагын көзөмөлдөө жана аттестациялоо боюнча Комитети тарабынан уруксат берилген басылмаларда, республикалык масштабдагы журналдарда жарык көрдү, эл аралык, республикалык деңгээлде уюштурулган илимий-тажрыйбалык конференцияларда баяндама катары окулду.

**Иштин түзүлүшү** изилдөөнүн максаттары менен милдеттерине жооп берет. Диссертация киришүүдөн, эки баптан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Изилдөөнүн **“Жусыпбек Аймауытов – адабий сынчы”** деп аталган биринчи бабында Аймауытовдун сынчылык мурасынын өзгөчөлүгү ачылып берилет. Жусыпбек Аймауытовдун басма бетинде жарык көргөн биринчи эмгеги 1913-жылга тиешелүү. Бул тырнак алды сын макаласында карьерист-соодагердин натыйжасыз иштери жөнүндө баяндаган эле. Жусыпбек Аймауытовдун чыгармачылык бөтөнчөлүгүн талдоо сынчынын чыгармачылыгын Октябрь төңкөрүшүнө чейинки жана кийинки деп бөлүүгө негиз болуп берет.

Ж.Аймауытовдун Октябрь төңкөрүшүнө чейинки пьесаларында казак турмушунун реалдуу сүрөттөрү тартылган, ошол мезгилдеги казак коомуна карата автордун сынчыл көз карашы айтылган. 1917-жылы “Сарыарка” гезитинде эл турмушундагы өзгөрүүлөргө арналган “Тур, букара, жыйыл, кедей, умтул, жаштар”, “ Ашыктык”, “Көчүү”, “Ураан” деген сыяктуу бир катар чыгармалары жарык көрдү.

Автордун өзүмдүк стилдеринин бири катары калемгердин көптөгөн чыгармалары басма сөздө лакап ысымдар менен жарыяланышын көрсөтүп кетсек болот. Алардын эң белгилүүлөрүнүн бири болуп “Экөө” дегени эсептелет. Ушул лакап ысым менен М.Ауэзов экөө биргелешип жазган макалалар жарык көргөн. Ал макалалар “Казактын мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөр” деп аталып, казак мүнөзүндөгү оң жактарды белгилөө менен оторчулук эзүүнүн учурундагы өзгөрүүлөр жөнүндө айтат да, өз үмүт-тилектерин элди илим-билимдүү кылуу менен байланыштырат.

1917-жылы жарыяланган “Мамлекет курулушу”, “Партия” деген макалаларында калемгердин өз мезгилине мүнөздүү болгон саясий кубулуштар жөнүндө көптөгөн маалыматтар берилет. “Улутту сүйүү” деген макаласында коомду өнүктүрүү үчүн улутту тарбиялоонун зарылдыгы, элди агартууда интеллигенциянын ролу жөнүндө айтылат.

Ж.Аймауытовдун 1913-жылдан 1917-жылга чейинки чыгармачылыгы коомдук-саясий өзгөрүүлөрдү, элди агартууну, улуттук адабияттын өнүгүшүн чагылдырууга багышталып, ошол эле учурда ал Алаш ишмерлеринин арасынан өзүнүн жаңычылдык көз караштары менен бөлүнүп көрүнүп турган. Элдин руханий абалы менен маданиятын алгалата турган темаларды көтөрүү менен ал казак адабий сыны менен драматургиясынын чыныгы негиздөөчү болуп эсептелет.

Казак адабиятынын ар кайсы жанрларында өзүн көрсөткөн Ж.Аймауытовдун көп кырдуу таланты Октябрь төңкөрүшүнөн кийин активдүү мүнөзгө ээ болду. Өз мезгилинин коомдук курч проблемаларын көтөргөн "Шернияз" драмасы ал мезгилдеги чыгармаларынын эң мыктыларынын бир болуп калды. 1920-жылдан тартып Ж.Аймауытов "Казак тили" гезитинин редактору болду. Бул мезгилде Ж.Аймауытов бүт көңүлүн коомдогу жаңылыктарга, аялдар теңдигинин проблемасына, дүйнөдөгү окуяларга бурат. 1920-жылдын 13-ноябрында "Еңбек туы" ("Эмгек туусу" – азыркы "Егемен Казакстан" – Ж.А.) гезити уюштурулуп, биринчи саны басылып чыккан. Ушул гезиттин 3-санына Ж.Аймауытовдун "Жаштар ким?" деген деген курч макаласы жарыяланат. Бул музгилде сынчы поэзия жана акындар проблемасын көтөрөт. Айталы, "Адабият маселеси", "Адабий мурастар", "Көркөм адабиятты талдоо" деген сын макалаларында "турмушту аанып билүүдө жана руханий жактан тарбиялоодо" адабияттын ролу белгиленип, казак улуттук искусствосунун алкагында эмгекчилер адабиятын жаратуу мүмкүн эмес деп эсептөө менен төңкөрүшчүл адабияттын таптык мүнөзүн сынга алат. Автор дүйнөлүк адабий, коомдук тажрыйбаны кылдат окуп үйрөнүү менен ошол мезгилдеги казак адабиятын терең өздөштүрөт. Казак адабияты өз алдынча эмес коомдун өсүп-өнүгүүсү менен бекем карым-катышта каралат. Элдин маданий деңгээлин, турмуш-тиричилигин, ишенимин, коомдук түзүлүшүн, өкүм сүруп турган маанайды эске алуу менен, акылды, кыялды, сезимдердин кагылышын автордун жан дүйнөсүн түзүп турган нерселер деп эсептөө менен Ж.Аймауытов ошол кездеги казак адабияты жөнүндөгү өз ойлорун кеңири талкууга алып чыгат. Ж.Аймауытов казак адабиятынын ал кездеги абалын ага таасир эткен коомдук-тарыхый жагдай-шарт менен карым-катышта карайт. "Адабий мурастар" деген макаласында Ж.Аймауытов оозеки адабиятты сактоо жана кеңири жайылтуу проблемасын көтөрөт.

Жооптуу мамлекеттик иштер менен бир катарда "Еңбек туы", "Казак тили" гезиттеринин, "Шаншар", "Сауле" журналдарынын негизделишине себепкер болгон Аймауытовдун редакторлук ишмердүүлүгү өзүнчө изилдеп чыгууну талап кылат. Коомчулуктун руханий маданиятынын өсүшүнө себепкер болгон анын искусство менен адабият жөнүндөгү ой толгоолору, адилет сын макалалары Жусыпбек Аймауытовдун даңкын андан бетер көтөрдү. Анын "Калыбек артист", "Казакка пайдалуу жаш талап", "Тарбия", "Театр китеби тууралуу", "Ыр, күү жөнүндө", "Тил куралы", "Көңүлдүү кече" ж.б. адабий сын макалаларында элдин үмүтү, өсүп келе жаткан муун жөнүндөгү камкордугу, адамдын эмгеги менен адеп-актык негиздери, театр өнөрү жана анын көрүнүктүү ишмерлери, тил жөнүндөгү пикирлери менен ой жүгүртүүлөрү орун алган. Эң алгачкы басылмалардын бири болгон "Казак тили" гезитинде аны салкын кандуу сынчы катары тааныткан "Театр китеби тууралуу" деген

сын макаласы "Төрт уул" деген псевдоним менен жарык көрдү. Тагырак айтканда, бул макалада эң татаал адабий жанрлардын бири болгон драманын табиятын өзгөчө бир көз караштa чагылдырып берүүсү анын интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн бийиктигинин далили болуп эсептелет.

Аймауытовдун "Театр китеби тууралуу" деген сын макаласы адабият жөнүндө басма бетинде биринчи болуп айтылган баалуу пикир болуп эсептелет. Анда драматургия жана анын теориясы, театр таануу тууралуу кеп болот. Искусство мейкиндигин кеңейткен макалалардын бири болуп "Театр чыгармаларын кантип көбөйтөбүз" деген классикалык макаласы болуп эсептелет. Мында искусствонун бул түрүнүн булагы болуп калучу чыгармалар менен театрды камсыз кылуу проблемасы көтөрүлөт. Аймауытов драмалык чыгармаларды жаратууга үстүрт мамиле жасаган авторлорду сынга алат.

Жаңыдан түптөлүп келе жаткан казак театры менен анын репертуарынын проблемасына арналган " Зулхабира", "Бардын жогу болбойлук", "Ташкендеги кече", "Асыл казына жыйналса экен" деген сыяктуу бир катар сын макалаларын эске алганыбыз жөн. Булардын ичинен "Зулхабира" деген пьесага арналган макалада олуттуу проблемалар козголот. Ички уюштурулушу боюнча да, башкы каармандардын ички дүйнөсүн ачып берүү жагынан да бул трагедиялык чыгарманын сахнада коюлушу сынчыны ыраазы кылбагандыгы байкалып турат.

"Асыл казына жыйналса экен", "Ыр, күү жөнүндө" деген эки макала да Аймауытовдун искусство таанучу экендигине күбө болуп турушат. Буларда Ж.Аймауытов казак элинин музыкалык мурасына өтө этият мамиле жасоонун зарылдыгы жөнүндө айтат.

Бул макалалардын ар бири улуттук баалуулуктардын, руханий ишмердүүлүктүн маанилүү жактарын жар салуу менен Айтмаутовдун талантынын табиятын ачып беришет, автордук мамилеси менен өзүмдүк стилин чагылдырып турат, калемгердин тил байлыгы менен чыгармачылык чеберчилигин окурманга тааныштырат. Бирок баарынан мурда Аймаутов улуттук баалуулуктар менен руханий ишмердүүлүк маселелерин көтөрөт. Бул иште ал турмуш чындыгына таянат. Макаланын автору биринчи сапка жалпы максаттар менен милдеттерди сунуштоо менен тосколдуктар менен кемчиликтерден кутулуунун жолдорун көрсөтөт. Аймауытов өз мезгилинин бийиктигинен туруп элдик рухтун идеалдарына тиешелүү болгон проблемаларды ачып берет, сынга алып жаткан чыгарманын деңгээлин белгилүү бир талаптардын чен өлчөмүнө салып баалайт. Каралып жаткан макалалар автордук изденүүлөр менен көз караштардын бөтөнчөлүгү, тандоо жана талдоо маданияты, алардын тереңдиги менен айырмаланып турат. Теманын табиятына жетишүү, элдик идеалдарга, көркөм башаттарга кайрылуу,

маданий-руханий баалуулуктарга бийик деңгээлде баа берүү - ушунун баары Ж.Аймауытовдун адабий-сын макалаларында кеңири учурайт.

Ж.Аймауытовдун чыгармачылыгында М.Ауэзов менен бирдикте түзгөн, эч бир апыртуусуз айтканда, улуттук руханий аң-сезимди катуу козгогон “Абай” журналы өзгөчө орунда турат. Сынчы улуу Абайдын акындык мектеби, салт менен жаңычылдыктын проблемалары жөнүндө жазышкан калемгерлердин арасында өз ордун тапты. “Абай” журналынын 1918-жылдагы экинчи номерине “Экөө” деген ылакап ат менен жарык көргөн “Абайдын өмүрү жана чыгармачылыгы” деген макала менен ал кездеги жаш калемгерлер, болочоктогу улуу таланттар Жусупбек Аймауытов менен Мухтар Ауэзовдор бүт чыгармачылык өмүрлөрүн Абайды окуп үйрөнүүгө, анын чыгармачылыгын жайылтууга болгондо да бүт дүйнөгө жайылтууга, арноо менен казак адабий илиминде абайтаануу деп аталган жаңы барактын негизин түптөштү, жаратышты.

“Абайдын өмүрү жана чыгармачылыгы” деген макалада алар Абайдын өмүрү менен чыгармачылыгына, акындык мектебин, айлана-чөйрөсүнө, негизги бөтөнчөлүктөрүнө кеңири токтолушкан. Абайдын негизги өзгөчөлүгүнө көңүл буруу менен улуу акынды алдына бийик максаттарды койгон, ой менен сөздүн катылуу сырын тапканга жетишкен талант катары эбегейсиз чоң шык-жөндөмгө ээ, улуу талант экендигин казак элинин улуттук сыймыгы экендигин жазышкан. Макаланын авторлору Абайдын көркөм дүйнөсүнүн чыныгы маани-маңызын ар тараптуу ачып беришет. Макалада көпчүлүк орун көркөм искусстводогу агымдарга, көркөм милдеттерге жана чеберчиликтин сырларына тилдик мүмкүнчүлүктөргө арналган. “Өнөр- алды кызыл тил”-авторлор ушул макалга катылган көркөм сырларды, акындын асылбаа сөздөрүнүн мүнөзүн, касиет-күчүн баштан аяк талдоого алышат. Абайдын көркөм мурасы турмуштук баекор, сөздүн касиети менен мүнөзү, мезгил чындыгы аркылуу талдоого алынып, улуу акындын көркөм дүйнөсү, руханий агартууга кошкон салымы каралып, басымдуу бөлүгү көркөм мейкиндиктерге, искусствонун поэтикалык чен-өлчөмүнө, ой менен сөздүн системасына арналган. Макалада Абайдын көркөм дүйнөсү жана анын поэтикалык искусствосу улуттун тарыхы менен руханий дүйнөдө өзгөчө кубулуш экендиги кеңири көрсөтүлгөн. Ж.Аймауытов менен М.Ауэзов Абайды акын-сынчы жана акын-новатор катары талдоого алышат.

Адабий талдоонун контекстинен алганда Жусыпбек Аймауытовдун жогору бааланган макалаларынын бири – М.Ауэзов менен биргеликте жазылып “Абай” журналына жарыяланган – “Абайдан кийинки акындар” деп аталган макаласы өзүнүн баа-салмагы, алган темасынын кеңдиги менен айырмаланып турат. Казактын келечектеги эки улуу калемгери ошол өз учурлары жана казак адабиятынын келечек тагдырлары тууралуу өз ойлору менен бөлүшөт. Мында улуттук аң-сезимдин ойгонушу, анын адабиятка тийгизген таасири, замандаш

акындарынын тутунган багыттары, кыскасы, казак поэзиясынын, Абайдан кийинки акындардын искусствосунун ал-абалы каралган. Абайдан кийинки адабий мезгилди кароо менен макаланын авторлору андагы негизги багыттарды "кайра жаралуунун таянычы" болгон улуттун өзүн өзү аңдап туюнуусу менен байланыштырышат. Макалада поэзияга коюлучу жалпы талаптардан, сактоого зарыл болгон шарттардан башка талантсыз акындар менен жазмакерлердин арасында пайда болчу карама-каршылыктар да көз жаздымында калбайт. Макалада поэзияга коюлган талаптардан башка да акындар тууралуу бай ачылыштар бар. Макаланын максаты – "дүжүр ырлардан" качуу, ушундай ырлардын жардамы менен акындар арасында орун алууга умтулган талантсыздарды ашкерлөө. Бул маселе бүгүн да актуалдуу. Макалада поэзияда бекем тутунуу зарыл болгон негизги шарттар да жазылган.

Каралып жаткан бул макала адабий ой пикирлер, адабий сын жаңыдан жаралып жаткан мезгилде жазылган жана проблеманы коё билүү, ыр жаратуу өнөрүнө бийик талаптарды коё билүү жагынан баалуу болуп эсептелет. Көңүл бурчу дагы бир нерсе, өздөрү жаңыдан эле чыгарма жарата башташкан жаш авторлор өз баяндоолорунда орус, Европа, улуттук адабияттын өрнөктүү үлгүлөрүн кеңири пайдалануу менен ошол доордун адабиятынын алдына жаңы милдеттерди коюшат, ал жаш авторлордун казак сөз өнөрүн профессионалдык деңгээлге көтөрүү аракети байкалат.

Ошону менен бирге "Сары арка" гезитинде , "Абай" журналында жарык көргөн макалаларын тыкыр талдоого алганыбызда Ж.Аймауытовдун коомдук-саясий көз карашын, коомдук аң-сезиминин жогорку деңгээлин байкоого болот. Бул макалалардан биз сынчыдагы кынтыксыз табитти, адабият менен илимге болгон чексиз берилүүнү байкайбыз; жаш сынчылар тарабынан кандай гана тема көтөрүлбөсүн, аларда улуттун эркиндигин эңсеген бийик дух сезилип турат. Өз алдынча казак мамлекетин эңсөө менен жаш Жусыпбек өздөрүнүн рух-духун аябай келечек үчүн күрөшкөн "Алаш" коомунун мүчөлөрү А.Букейхановдун, А.Байтурсуновдун, М.Дулатовдун иштерин улантууга олуттуу салымын кошту.

Ж.Аймауытовдун Октябрдан кийинки мезгилдеги чыгармачылыгы жөнүндөгү маалыматтарды топтоо процессинде ал психологияны, адам мүнөзүн изилдөөнү өзүнүн пенделик милдетим деп эсептегенин белгиледик. Бул багыттагы эң мыкты эмгектердин бири болуп мектеп программасына ылайык жазылган психология боюнча окуу китеби эсептелет. Ж.Аймауытов жазуучу катары адам психологиясы менен мүнөзүн билүүгө тийиш болсо да, анын бул изилдөөсү новатордук чыгарма болуп эсептелет. Окумуштуунун психология багытындагы эң мыкты эмгеги – 1926-жылы Москвада жарыяланган "Жан жүйөсү жана өнөр тандоо" ("Духовная система и анализ литературы") деген макала-изилдөөсү. Мында, баарынан мурда, адам жөндөмүнүн табияты изилденет. Изилдөөчү адам мүнөзүнүн типтерин талдоого алат, адистик жактан өзүн өзү аныктоо маселесин көтөрөт. Бул тууралуу автор тарабынан тарбиялык иштер боюнча өткөрүлгөн эксперименталдык жумуштардын жыйынтыктарын жалпылоо иретинде жазылган "Жан жүйөсү жана өнөр тандоо" деген китебинде да айтылат.

Он эки бөлүмдөн турган “Психология” деп аталган илимий эмгек казак тилинде жазылган, бул багыттагы жемиштүү изденүүлөрдүн эң алгачкы натыйжасы болуп эсептелет. Автор илимий өңүттөн алганда чечүүнү талап кылган ой жана сөз, түшүнүк жана тил, эркиндик, кокустук, түш, гипноз деген психологиялык, философиялык татаал проблемаларды сунуш кылат. Бул эмгекте психологиялык өңүттөн алганда географиялык чөйрө, личносттун коомдук турпаты, таптар, улуттун психологиясы, адамдын аң-сезимине фольклордун, маданияттын таасири деген ж.б проблемалар көтөрүлгөн. Бул жерде автор Платон, Аристотель, Христос, Мухаммед, Кант, Лонок, Джеймс, Ньютон, Абай, Машхүр-Жусып Көбеев, Павлов, Руссо, Арнольд, Нильсон сыяктуу тарыхый личносттордун, окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн, диний каармандардын көз караштарын келтирет. Психология багытындагы изилдөөдө математиканын, андагы вариативдик статистиканын мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланса боло тургандыгы жөнүндөгу автордук ой өтө кызыктуу болуп эсептелет. Аймауытовго чейин бул проблеманы казак психология илиминде эч ким көтөрбөгөндүгүн мекендеш психологдорубуз баса белгилеп келишет. Бул проблема бүгүнкү күндө да актуалдуу.

Тарыхый материалдардан маалым болгондой, анан да муну атайын белгилеп коюшубуз керек, Ж.Аймауытов коомдук иштерге активдүү катышуу менен бирге улуттук адабиятты жаңы деңгээлге көтөрүүгө бүт күчүн жумшады жана ошол эле учурда педагогика жаатындагы талант-шыгын да коомчулукка жеткире алды. Өзү негиздеген “Абай” журналынын 1918-жылкы 1-номуруна жарыяланган “Тарбия” деген макаласы педагогика багытындагы мыкты эмгек болуп эсептелет. Бул макала анын жарандарды тарбиялоо маселеси көтөрүлгөн, мекенчилдик менен улутчулдук карама-каршы коюлуп, улутчулдук сынга алынган “Тарбияга жетектөө” деген дагы бир эмгегине негиз болгон. Автор тарабынан чыгарылган терең маанилүү жыйынтык ойлор бүгүнкү күнү да актуалдуулугун жогото элек.

Бул багыттагы илимий изденүүлөрүн талдап жатып окумуштуу-сынчы психологиялык терминдердин казакча так-таамай аталышына да дыкаттап сересеп салгандыгы өзгөчө көңүл буручу нерсе болуп эсептелет.

Казак тилинде жазылып мектептеги окуу системасына арналган эң алгачкы окулуктарынын бири болуп”Комплекстүү окутуу жолдору” деген эмгеги эсептелет. Автор мында педагогикалык техникумдан, жайкы даярдоо курстарынан, орус тилиндеги адабияттардан алган тажрыйбасына таянып, окутуунун ар түрдүү усулдарын сунуш кылат. Автор мектеп жашындагы балдар үчүн дене тарбиянын, коомдук тарбиянын, акыл-эс жагынан тарбиялоонун зарылдыгын айтуу менен программанын мазмуну жөнүндөгү проблеманы, комплекстүү окутуунун зарылдыгы, иштин планы, сабактардын жүгүртмөсү жөнүндө кеп салат. Түпкүлүгүндө бул китеп мектеп мугалимдерине арналган усулдук окулук болуп эсептелет.

“Эрежени оңойлотуу жобосу”, “Жазуу тамгаларыбызды азайтуу тууралуу”, “Эне тилин кандай окутуу керек” деген кийинки макалалар жазууну жөнөкөйлөтүүнүн жолдоруна, сабатсыздыкты жоюуга арналган.

Тандап алган теманын чегинде жүргүзгөн изилдөөлөрүбүз көрсөткөндөй казак адабий сынындагы ушул сыяктуу тенденциялар кыргыз адабий

сынындагы бул тариздүү тенденциялар менен айкалышып турат. Кыргыз адабияттаануусунда азыркы кыргаз адабиятынын калыптанышына зор салым кошкон, Ж.Аймауытов сыяктуу өкмөттө кызмат кылган Т.Байжиевдин ысымы атпай журтка маалым. XX кылымдын 30-жылдарында Т.Байжиев Эл агартуу комиссариатында инспектор болуп иштеген. Калемгер Кыргызстандын түштүгүндө алгачкы мектептерди уюштуруу менен бирге кыргыз тили жана адабияты боюнча (З.Бектенов менен авторлошуп) биринчи окуу китебин, кыргыз тилинин биринчи орфографиялык сөздүгүн түзгөн. “Кызыл учкун” адабий ийриминин активдүү мүчөсү катары ал Кыргызстан жазуучулар Союзун түптөгөндөрдүн бири болгон. Ал “Күрөө”, “Кытмыр өлдү” деген повесттерди жазган. XX кылымдын 50-жылдарында Т.Байжиевге саясий айып тагылып, 10 жылга эркинен ажыратылган. 30-жылдары Т.Байжиев өтө активдүү иштеп, Ж.Аймауытов сыяктуу орус адабиятынын классиктерин кыргыз тилине, “Манас” трилогиясын орус тилине которгон. Кыргыз жана казак адабиятынын бул эки өкүлүн драматургия жаатындагы таланттары да жакындатат. Аталы, Т.Байжиев “Жигиттер” деген пьесасын жазган. Ждановдун 1946-жылкы докладынан кийин Кыргызтан КП(б) БКнын бюросунун чечими менен “Жигиттер” пьсасы “советтик турмуш чындыгын одоно бурмалаган, көркөмдүк жактан жараксыз, зыяндуу, идеясыз чыгарма” катары тыюу салынган. Т.Байжиев чыгармаларын “Эркин-Тоо”, “Кызыл Кыргызстан” гезиттеринде, “Чабуул” журналында жарыялаган. Бул сыяктуу мекенчил атуулдардын катарына илимий жана педагогикалык ишмердүүлүк менен шугулданган, “Кыргыз адабиятынын тарыхынын очерктеринин” автору Т.Саманчинди, Т.Байжиевдин шакирти, аны менен чогуу репрессияланган жана көзү тирүүсүндө реаблитацияланган З.Бектеновду да кошуп кетсек болот.

Изилдөөнүн **“Адабий сындын өнүгүшүндөгү Жусыпбек Аймауытовдун орду жана ролу”** деп аталган экинчи бабы эки бөлүмдөн турат. “Магжандын поэзиясы жана адабий сындын чектери” деп аталган биринчи бөлүктө Магжандын көркөм мурасы каралган (“Лениншил жас” журналы, 1923, № 5) окумуштуунун “Магжандын акындыгы тууралуу. (Ташкенттеги казак студенттерине өтүлгөн баяндама)” деген макаласы талдоого алынат. Советтик адабий сындын калыптануу жана анын профессионалдык деңгээлге өтүү шарттарындагы сындын жаңы үлгүсүнө багыт берилет, анткени, бул макалада маани-маңыздуу, тагырак айтканда, жазуучунун көркөм чыгармасын баалоонун чен-өлчөмдөрүн аныктаган ойлор айтылат. Сынчы акындын тилинин байлыгын, ойлорунун тереңдигин, сөз менен иштөө чеберчилигин, өнөрүнүн табиятын, Магжандын мурасынын өзгөчөлүгүн так-таамай аныктайт. Акындын ийгиликтери менен кемчиликтерине көңүл бурат, көркөм баалуулуктары менен чыгармачылыгынын катылуу сырларын аныктайт. Макалада адабий сындын максаттары менен милдеттери, таанып билүүнүн чыныгы сырлары менен көркөм чыгарманы олуттуу баалоо, акындык өнөрдүн оригиналдуу чагылдыруу каражаттары талдоого алынып, Магжандын мурасы, андагы көркөм идеалдар, изденүү жолдору, ойлору менен сөздөрүнүн системасы, тилдик жана стилдик мүнөздөмөлөрү кеңири көрсөтүлөт. Акындын көркөм дүйнөсү аны курчап турган, ал тарбияланган чөйрө менен байланышта талдоого алынат. Аны курчап турган чөйрө, ал чөйрөнүн көркөм идеалдары менен Магжандын поэзиясынын

жакындыгы тууралуу айтылат. Сынчы идеялык жана тилдик системаны маңыздуу талдоого алып, салыштырма аспектиде индивидуалдуу бөтөнчөлүктөр менен турмуш жана мезгил чындыгын, мезгил кубулуштарын, жашоонун сырларын, көркөм идеалдарды, көз караштар менен изденүүлөрдү, ошондой эле көркөм терeңдиктерди ачып берет.

Ж.Аймауытов сын менен сынчылардын шык-жөндөмүнө чоң маани берет. Ошону менен бирге ал көркөм чындык менен сындын озуйпасы жөнүндөгү өз көз карашын системалуу түрдө баяндап берет. Таланттын табиятын, генийдин жазууларын изилдеп үйрөнүү жөнүндө адилет айтылган жоболор аналитикалык мүнөздөмөлөр аркылуу бул жерде өзгөчө маани-маңызга ээ болот. Мын ошентип, теманын байлыгы көркөм баалуулугунун маңыздуулугу жагынан алганда “Магжандын акындыгы тууралуу” деген макаласы өтө жогорку деңгээлде жазылган, сынчылык өнөрү даана байкалып турат жана талдоолору так жана ишенимдүү.

Талдоонун жүрүшүндө байкалган Ж.Аймауытовдун макаласынын дагы бир жаңылыгы – Магжандын чыгармачылыгындагы романтизмдин, символизмдин башаттарын, анын орус жана дүйнөлүк адабият менен болгон байланышын ачып берүү. Казак адабиятынын өнүгүшүнүн өткөл мезгилинде калыптанган М.Жумабаевдин автордук индивидуалдуулугун сынчы биринчи болуп аныктап берет. Бийлик Магжанды космополиттик ой жүгүртүүлөрү үчүн куугунтукка алган эле. Сынчы ушуга да өзгөчө көңүл бурат.

Негизинен Аймауытовдун адабий-сын макалалары өз мезгилинин проблемаларын, улуттук сөз өнөрүнүн маанилүү жактарын, Абайдын поэзиясы менен анын чөйрөсүн терең жана маани-маңыздуу талдоого алат. Бул биринчиден. Экинчиден, Аймауытовдун адабий жана сынчылык ишмердүүлүгүн талдоо учурунда байкалган нерсе – ал Абайдын көркөм дүйнөсүнө жеңил-желпи кирет да, анын көркөм өнөрү менен сабактарын маанилүү талдоодон өткөрөт. Үчүнчүдөн, сынчы кеп соңунда адабий мурас менен изилдөөчүлүктүн жол-жоболорун элдик идеалдар жана руханий баалуулуктар менен системалуу түрдө жыйынтыктайт. Төртүнчүдөн, автор Магжандын көркөм мурасын жакында жана мурда өткөн көрүнүктүү карифейлердин чыгармачылыктары менен салыштыра изилдеп, өзүмдүк өзгөчөлүктөрүн, изденүү багыттарын, көркөм милдеттерин, стилдик жана тилдик мүнөздөрүн өз алдынча да, салыштыруу аркылуу да ачып берет. Сынчы гениалдуу личностторго гана мүнөздүү болуп, чанда жолукчу көрүнүш болгон көркөм өнөрдөгү талант маселесине да кеңири токтолот. Баарынан мурда Ж.Аймауытовдун адабий-сынчыл эмгектеринин лейтмотиви болуп улуттук сөз өнөрүн, белгилүү личносттордун чыгармаларын терең талдоо жана аларга терең маанилүү баа берүү болуп эсептелет. Дегеле сынчынын түпкү озуйпасы – сөз өнөрүнүн табияты, чындыктын сырларын ачуу тууралуу чынчыл ойлорду айтуу болгондуктан Аймауытовдун сын макалаларын төмөндөгүчө мүнөздөсөк болот:

- мезгилдин кубулуштары менен окуялары ачык-айкын талданат;
- адамзат идеалдары, акындын жашоо-турмушу менен эмгектери бийик чен-өлчөмдөрдөн бааланат;
- кынтыксыз табиттин жана жогорку жоопкерчиликтин чен-өлчөмүнөн туруп улуттук идеялар, руханий проблемалар маңыздуу талданат;

- акындын идеалдары, поэтикалык искусство өткөн менен бүгүнкүнүн, салт менен жаңычылдыктын карым-катышынын чен-өлчөмүнөн ачылып берилет.

Магжандын поэзиясы изденүүчүлүк менен гуманизмдин, көркөмдүк менен чебер сүрөттөөнүн, сырданалык менен сезимдин биримдигинде, нукура чындыктын, мейкиндик менен көркөм сүрөттөөнүн үлгүсү катары бааланат. Ошону менен бирге сынчы тарабынан Магжандын көркөм дүйнөсүндөгү символикалык мотивдер да аныкталат.

Аталган макалалардын ар биринде улуттук идеялар, улуттук баалуулуктар жана руханийликтин түйүндүү учурлары, таланттын табияты менен анын сабактары, көз караштар менен жазуу ыкмалары, чеберчиликтин сырлары кеңири көрсөтүлгөн.

Жусыпбек Аймауытовдун “Магжандын акындыгы тууралуу” деген баяндамасын көпчүлүк эл акындын чыгармачылык өнөрканасын изилдеген иликтөө катары баа беришет. Чынында эле, бул пикир чындыкты так ачып берет. Ж.Аймауытов бул макаланы Магжандын көркөм чыгармачылыгынын кырларын көрсөтүү үчүн гана эмес өзүнөн кийин келе тургандарга адабий сын кандай болорун жарыя көрсөтүү үчүн да жазган. Ырасында эле Магжанды Абайдан кийинки акын деп атаган биринчи сынчы Ж.Аймауытов болгон.

2-баптын **“Жусыпбек Аймауытовдун казак адабий сынына тийгизген таасири”** деп аталган 2-параграфында казак адабий сынынын өтө зарыл проблемалары көтөрүлгөн. Мында казак адабияттаануусунда казак адабий сыны менен адабият тарыхы жөнүндөгү илими үч мезгилге бөлүнүп айтылат. “Биринчи мезгил – казак адабий сынынын жаралышы. Бул мезгил тим Октябрь төңкөрүшүнө созулат. Экинчи мезгил – адабият жөнүндөгү илимдин жаралышы жана адабий сындын жанр катары калыптанышы. Бул процесс 1917 – 1937-жылдарга таандык. Үчүнчү мезгил – казак адабий сынынын өнүгүшү менен гүлдөшү жана адабияттаануунун калыптанышы. Бул мезгил 1938 – 1985-жылдарга таандык.

Адабий сын көркөм адабият менен бир мезгилде калыптанган. Көркөм өнүгүү жана эстетикалык табит менен талаптардын өсүшү мезгилге бөлүнбөйт, а тескерисинче, карым-катышта болот. Көркөм адабият менен бир мезгилде пайда болгон адабий сындын деңгээли жөнүндө айтчу болсок, анда эки – субъективдүү жана объективдүү – өбөлгөгө токтолгонубуз оң. Жыйынтыктап жатып, сындын эстетикалык деңгээли адабияттын бийиктиги менен өлчөнөт десек болот. Субъективдүү өбөлгөлөр жөнүндө жазып жаткан адам билим деңгээли менен эстетикалык табитти эстен чыгарбаш керек. Кайсы гана мезгилде болбосун, адабияттын гүлдөп өскөн мезгилинде да, көркөмдүк өңүттөн, же коомдук пикирди уюштуруу жагынан бир аз аксап турган учурда да сын бийик деңгээлге көтөрүлө албайт, сынчынын билими менен эстетикалык табити көнүмүш деңгээлден чыгып кете албайт. Ушунун өзү эле сындын деңгээлин түшүнүүнүн зарыл субъективдүү өбөлгөсү болуп эсептелет.

Экинчи объективдүү себеп, негизинен, адабияттын жалпы деңгээлине байланыштуу. Эгерде көркөм чыгарма коомдук мааниси жагынан бийик деңгээлде турса,типтүү кырдаалдарды сүрөттөө жагынан көркөм кубулуш боло алса, тилди байытып, эстетикалык идеялары менен окурманды ээрчите алса,

анда сын да ошондой бийик деңгээлге көтөрүлө алат. Сынчы көркөм өнүгүүнүн бүтүндөй бир доорун аныктай алган идеялардын зарыл болгон далилин ар качан адабий турмуштан алып, ошонун негизинде келечектеги бийиктиктердин багытын, адабияттын гүлдөп өнүгүү жолун көрсөтүп, адабий өсүп-өнүгүүгө активдүү аралашат.

Казак адабий сыны жаңыдан жаралып жаткан мезгилде агартуучу-демократтар Ч.Валиханов, Ы.Алтынсарин, Абайлар өз ойлорун коомдук аң-сезимдин үч багыты боюнча таркатышкан. Эгерде Ч.Валиханов адабият жөнүндөгү өз ойлорун илимге сиңирсе, Ы.Алтынсарин бул багыттагы ойлорун педагогикалык системалар аркылуу билдирет. Абай болсо эстетикалык ойлор аркылуу адабий сынчыл жыйынтыктарды чыгарат. Жаш сынчы Ж.Аймауытов коомдук аң-сезимдеги ушул үч багыттагы, б.а. илимий, педагогикалык, эстетикалык ойлорго таянган.

Сын макалаларды жарыкка чыгаруунун негизи жолу гезит, журналдар болгон.. Адабий сындын табиятына ылайык анын эң башкы өзйпасы – окурмандарга көркөм чыгарманын маанисин түшүндүрүп берүү, аларды ойлонууга чакыруу менен бирге мүмкүнчүлүгүнө жараша чыгарманын авторуна жардам көрсөтүү, колдоо көрсөтүү болуп эсептелет.

Сынчынын изилдөөлөрүндөгү проблемаларды талдап жатып Ж.Аймауытов адабиятты гана изилдеп тим болбостон басма сөз аркылуу коомдук жана социалдык проблемалардын баарысын чагылдырганын да көрүүгө болот. Сынчы деген көркөм адабияттын өнүгүүсүндө гана эмес дегеле коомдук ой жүгүртүүнүн гүлдөшүндө да негизги ролго ээ. Адабий сындын деңгээли көркөм адабияттын, маданияттын, басма сөздүн деңгээли менен, коомдук кубулуштар, ой жүгүртүүнү гүлдөшү менен тыкыс байланышта болот. Адабий сын коомдук мүнөзгө ээ. Анын адабий, илимий, публицистикалык мүнөзү кандай болсо, коомдук мүнөзү да дал ошондой болот. Көркөм адабияттын коомдук проблемаларын, аларды руханий булакка айландыруунун жолдорун окурманга чечмелеп берүүдө сынчынын алдында кандай оор жүк турарын, анын милдеттери татаал, жоопкерчилиги жогору экендигин А.Байтурсунов толук ачып берген. Ошону менен бирге, адабий сын күнүмдүк адабий турмушту изилдеген, анын жетишкендиктери менен кемчилдиктерин талдоого алган, баалаган, чыгарманы туура түшүнүүдө окурманга жардам берген, ушундан улам көркөм адабияттын, адабияттаануунун жана журналистиканын ширелишинен жаралган коомдук сындын татаал бир бөлүгү, чыгармачылыктын бир түрү болуп эсептелет. Адабий сындын деңгээли баарынан мурда адабий сындын өзүнүн деңгээлине байланыштуу болот. Сынчы деген дүйнө жүзүнүн окумуштууларынын жетишкендиктери менен куралданган, ар тараптуу билимге ээ адам болуш керек.

Көркөм сапатынын чен-өлчөмүнөн туруп азыркы адабий сындын тарыхын кароо, анын баскан жолуна көс салуу менен аны бир канча этаптарга бөлсөк болот. "Алаш" коомунун кайраткерлери түптөгөн XX кылымдын 20 – 30-жылдарындагы адабий-көркөм сын новатордук, улуттук, көркөм-таанып билдирүүчүлүк деңгээлге көтөрүлгөн. Андагы сын ошол учурдагы тарыхты, теорияны, элдик адабияттагы көркөм изденүүлөрдү бир системага бириктирүүгө умтулган.

Адабият менен адабий сындын кийинки толкунунун изилдөөчүлөрү ошол жылдары А.Байтурсунов,Ж.Аймауытов, С.Муканов, С.Сейфуллин, М.Ауэзов, Г.Тогжан, К.Жумалиев, Е.Ысмайылов, Б.Кенжебаевдер тарабынан негизделген изденүүлөрдү ийгиликтүү улантышып, болуп көрбөгөндөй бай мурасты калтырышты.

Азыркы учурда бизге калган бул кунсуз мурас адабиятты сүйгөн жаш муундар үчүн эч нерсеге алмашкыс руханий байлык болуп калды. Айта кетчү нерсе, азыркы казак көркөм сыны жайдак жерден пайда боло калган жок, маани-маңыздуу мектептен, адабиятыбыздын тээ тереңден чыккан булагынан күч-кубат алып турат. Казактардын улуттук адабияты жана адабияттаануу илими үчүн татаал мезгилдерде калыптанган адабий сыныбыз 60 – 90-жылдары жана азыркы күнкорсуз адабиятыбыз менен искусствобуз үчүн да кунсуз байлык, эстетикалык баалуулук болуп эсептелет.

Адабияттын адабий сын деген жанрында бекем көз караштарды тутунган, кеңири масштабдагы жыйынтык ойлорду чыгара алган адамдар гана калышат. Адабий сындын чындыгы менен сыры дал мына ушунда.

Белгилүү болгондой, Ж.Аймауытов котормо өнөрүнүн өсүп-өнүгүшү үчүн көп эмгек сиңирген жана бул ишке чоң салым кошкон. Жападан жалгыз көркөм дөөлөт оозеки адабият болуп турган кезде дүйнөлүк адабияттын баа жеткис үлгүлөрүнүн казак адабиятына кошулушу, батыштын өрнөктүү чыгармалары менен окурмандарды тааныштыруу улуттун руханий байлыгы үчүн өтө зарыл жана пайдалуу болчу. Бул багытта тыкыр эмгек эткен Жусыпбек Аймауытов дүйнөлүк жана Европа адабиятынын классиктери Г.Мопассондын, Мольердин, В.Гюгонун, В.Шекспирдин, Дж.Лондондун, Р.Тагордун, К.Берковичтин, М.Горькийдин, Л.Толстойдун, В.Короленконун, Н.Гоголдун, А.Чеховдун ж.б.лардын чыгармалары менен таанышып гана тим болбостон алардын көпчүлүгүнүн көркөм туундуларын казак тилине которгон да. Конрад Берковичтин “Намыскөй кыз”, Гоголдун “Текшерүүчү”, В.Гюгонун “Катардан чыккандар”, Ф.Дюшендин “Тамилла”, Дж.Лондондун “Деңиздеги саякат”, А.С.Пушкиндин “Сараң рыцарь”, “Таш конок” ж.б.чыгармалары казак окурманына биринчи болуп Ж.Аймауытовдун котормолору аркылуу келип, казак адабиятындагы кандайдыр бир боштукту толтурушту. Мына ушуга байланыштуу белгилей кетүчү нерсе, жазуучу өз билимин толуктай дүйнөлүк адабияттын мыкты үлгүлөрүн орус тилинде окууга гана кызыкпастан, өзүнүн чыгармачылыгы үчүн алардан бардык жакшы нерселерди алууга да умтулган. Англиялык акын жана драматург В.Шекспир, француз адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрү Г.Мопассан, Мольер, В.Гюго, америкалык жазуучулар Дж.Лондон, К.Беркович, австриялык калемгер С.Цвейг Ж.Аймауытов үчүн ар качан өрнөк алуунун үлгүсү болгон десек аша чапкандык болбойт.

Диссертациялык иште азыр деңгээли төмөн түшүп бараткан казак адабий сынынын бүгүнкү проблемасы да көтөрүлөт. Мындай болуунун бир себеби катары көп учурда калыптанып калган менталитет менен аныкталчу сындын объектисинин чектен тыш тескери мамилеси болуп эсептелет. Дагы бир себеби – сынчылардын материалдык жактан кызыкчылыктарынын жоктугу. Үчүнчү себеби – азыркы адабий процесстин чыныгы ал-абалын баалай ала турган сынчылардын иш жүзүндө жок экендиги. Совет доорундагы адабияттын

өнүгүшүн талдаган адабий көркөм сын мезгилдин талабына жооп катары жаралган эле. Бүгүнкү күндө сынга болгон мындай муктаждык жок. Ошондуктан, баарынан мурда, сынга жана анда айтылган ойго карата болгон мамилени жакшыртыш керек.

Ж.Аймауытов социалдык карама-каршылыктар өтө катуу курчуган казак коомунун тарыхындагы өзгөчө мезгилде жашады. Буга карабастан акын жана сынчы Ж.Аймауытов өзүнүн мекендештери – Алаш идеясынын жолун жолдоочулар менен бир катарда казак элинин руханий турмушунда көрүнүктүү из калтыра алды.

## К О Р У Т У Н Д У

1. XX кылымдын 20-жылдарында казак адабиятынын негизги жанрлары менен бирдикте анын көп түрдүүлүгүн активдүү аныктоо менен сын да өнүгө баштайт. XX кылымдын баш ченindеги казак адабий сынчылары жаңыдан жазылган чыгармаларга баа беришет, доордун өнүгүү проблемаларын талдоого алышат, окурмандардын маданиятынын калыптанышына таасир этишет. Улуттук адабиятыбыздагы бул багыттын негиздөөчүсү болуп Жусыпбек Аймауытов эсептелет. Жусыпбек Аймауытовдун чыгармачылыгын тематикалык бөтөнчөлүккө жана – бул эң башкысы – автордук позициянын, жалпы дүйнөкабылдоонун өзгөчөлүгүнө ээ болуп турган эки мезгилге бөлсөк болот. Булар Октябрга чейинки жана Октябрдан кийинки мезгилдер.

1916 – 17-жылдары ал башкалардан бөлүнүп көрүнүп турган “Рабига”, “Мансапкорлор” деген ж.б. бир катар пьесаларды жазган. Ошондой эле Аймауытовдун адабияттагы алгачкы кадамдары поэзия менен да байланыштуу. Акындын тырнак алды ырлары болуп “Сары-Аркадан салам”, “Ах-ха-хау”, “Көчүү”, “Үршыгым”, “Аскер марсельезасы”, “Туңгуюк, түпсүз алдында” деген ырлары жана “Нурлуу күн” поэмасы эсептелет. Буларда Ж.Аймауытов Октябрь төңкөрүшүнө чейинки мезгилдеги казак аулдарындагы кунарсыз көрүнүштү, ак падышаны кулаткандан кийинки турмушта болуп жаткан өзгөрүүлөрдү көркөм баяндап берүүгө умтулат.

Аймауытовдун өмүрү жана чыгармачылыгын изилдегендерге жакшы белгилүү бир көрүнүш – калемгердин көптөгөн чыгармалары басма сөздө лакап ысым менен жарыяланганы. Аймауытов “Экөө” деген ылакап ысым менен жазган. Мындай жашыруун адабий ысымды М.Ауэзов экөө биргелешип жазган макалаларга коюшкан.

Октябрга чейинки мезгилде ошондой эле “Тур, букара! Жыйыл, кедей! Алга, жаштар!”, “Күчтүү колдор”, “Партия” ж.б. макалаларды да жазган.

Аймауытовдун ишмердүүлүгүнүн дагы бир багыты – “Абай” деп аталган илимий-тааныпбилдирүүчү, адабий журналды чыгаруусу. Элдин руханий абалы менен маданиятын алга жылдырган темаларды көтөрүү менен Аймауытов казак адабий сыны менен драматургиясынын негиздөөчүсү болуп калды.

2.Казак адабиятынын ар түрдүү жанрларында өзүн көрсөткөн Ж.Аймауытовдун көп кырдуу таланты Октябрь төңкөрүшүнөн кийин ыкчам өнүгө баштады. Бул мезгилде жазылган чыгармаларынын арасынан жарым жартылай ыр түрүндө, жарым жартылай ак ыр менен жазылып, Султанмурат

Торайгыровго арналган жана 1926-жылы Семейде жарыяланган, кийин сахнага коюлган баарыга белгилүү “Шернияз” драмасын айтып кетсек болот. Бул чыгармага негиз болуп алгачкы улуттук интеллигенциянын эки багытка, эки максатка, эки чекке бөлүнүнүшү алынган.

Эрте эле жазгандарын жарыялай баштаган Ж.Аймауытов 20-жылдардан баштап М.Турганбаев жетектеген “Казак тили” гезитинин редактору болот. Ушул учурда Ж.Аймауытов мезгилдин күрөө тамырын кармаган “Жаштарыбыз кимдер?” деген макаласын жарыялайт. Казак сөз өнөрүнүн табияты, байыркы жана жакынкы өткөн тарых, анын натйыжалары тууралуу “Адабият маселеси”, “Адабий мурастар”, “Көркөмадабиятты талдоо” деген макалаларды жазат.

30-жылдары Ж.Аймауытовдун С.Торайгыровдун чыгармачылыгын кеңири жайылтуу багытындагы аракети 1933-жылы жазылган “Султанмахмут Торайгыровдун чыгармачылыгы” деген изилдөөчүлүк очеркин жаздырган. Мында автор даңазалуу инсандын мурасын изилдөөгө, системалаштырууга жана сактоого үндөйт.

Жооптуу мамлекеттик иштерди аткаруу менен бирге “Эмгек туусу”, “Казак тили” гезиттеринин, “Шаншар”, “Сауле” журналдарынын түптөлүшүнө негиз болгон Аймауытовдун редакторлук иши өзүнчө изилдөөнү мунажат этип турат.

Бул мезгилдеги башка адабий сын макалаларында (“Калыбек артист”, “Тарбия”, “Театр китептери тууралуу”, “Обон, күү жөнүндө”, “Тил жөнүндө”, “Көңүлдүү кече” ж.б.) элдик үмүт менен келечек муун, адам эмгеги менен адеп-актык негиздер, театр өнөрү менен анын көрүнүктүү өкүлдөрү жөнүндөгү, тил тууралуу пикрилери, ой жүгүртүүлөрү берилген. Бул макалалардын ар бири улуттук баалуулуктардын, руханий чыгармачылыктын, талант табияты менен анын сабактарынын элдик идеяларынын маанилүү жактарын жар салат, автордук мамиле менен стилди, чечендик менен чыгармачылык чеберчиликтин сырлары менен мүнөздөрүн кеңири баяндап берет.

Ж.Аймауытовдун чыгармачылыгында “Абайдын өмүрү жана чыгармачылыгы”, “Абайдан кийинки акындар” деген макалалары өзгөчө орунда турушат жана буларда казактын адабият жөнүндөгү илиминин бөтөнчө бир баракчасы болгон абайтаануунун пайдубалы түптөлгөн.

Ошол учурдагы психология жаатындагы мыкты эмгек болуп “Руханий система жана адабиятты талдоо” деген макала-изилдөөсү менен адам баласынын жөндөмүнүн табияты иликтөөгө алынган “Психология” деген китеби эсептелет. Бул китепте ошондой эле психология деген терминге аныктама берилет, кесиптик багыт берүү иштери такталып көрсөтүлөт, адам жөндөмүн окуп үйрөнүүдө байкоонун, анкета жүргүзүүнүн, сурамжылоонун, математикалык ыкмалардын ролдору ачылып берилет.

Ошол учурдагы Ж.Аймауытовдун дагы бир чыгармачылык багыты – “Комплекстүү окутуунун жолдору” деген макаласында чагылдырылган – окутуунун ыкмалары. Көрсөтүлгөн макала мектеп мугалимдерине даректелген методикалык курал болуп эсептелет. “Эрежени оңойлотуунун жобосу” аттуу макалада болсо казак тилинин үндүк-тамгалык системасын жөнөкөйлөтүү аркылуу сабаттуулукка үйрөтүү процессин оптималдаштыруунун проблемалары көтөрүлгөн.

Ж.Аймауытовдун Октябрдан кийинки мезгилдеги макалалары салт болуп калган адабий сындан башка коомдук турмуштун орчундуу проблемаларына кайрылуу менен бирге улуттук педагогиканын, психологиянын да пайдубалын түптөгөн. Бул макалаларды автордук көз караштын ачык, тактыгы, баяндоонун логикалык ырааттуулугу, автордун кеңири кругозору, баяндоонун тазалыгы башкалардан айырмалап турат.

3. Ж.Аймауытовдун "Магжандын акындыгы тууралуу" деген макаласы адабий сындарынын арасында өзгөчө орунга ээ. Саветтик адабий сындын калыптануу жана профессионалдык деңгээлге өтүү мезгилинде адабий сындын жаңы үлгүсүнө багыт бергени менен да бул макала баалуу. Магжан Жумабаевдин поэтикасын тыкыр талдоого алуу, образдарын, тилдик бөтөнчөлүктөрүн кароо макаланын өзөгүн түзүп турат. Акындын көркөм дүйнөсү ал өскөн, тарбияланган чөйрө менен тыкыс карым-катышта талдоого алынат. Поэтикалык идеалдар менен поэтикалык чөйрөнүн Магжандын поэзиясы менен болгон жакындыгы тууралуу сөз болот. Ж.Аймауытов сын менен сынчылардын озуйпасына зор маани берет. Ошону менен бирге ал көркөм чындык менен сынчынын озуйпасы тууралуу көз караштарын ырааттуу түрдө баяндап берет. Ж.Аймауытовдун макаласындагы атайын белгилеп кетүүчү дагы бир жаңылык – Магжандын чыгармачылыгындагы романтизмдин, символизмдин булактарын, орус жана Европа адабияттары менен болгон байланыштарын ачып бергендиги. Макалада Магжандын чыгармаларын катуу сындаган сынчылар менен палемикага чыгып, автордун эки тараптуу сүйлөшүүчүлүк позициясы сезилип турат.

Белгилүү болгондой, Ж.Аймауытов котормо өнөрүнүн өсүп-өнүгүшү үчүн көп эмгек сиңирген жана бул ишке чоң салым кошкон, дүйнөлүк жана Европа адабиятынын классиктери Г.Мопассондын, Мольердин, В.Гюгонун, В.Шекспирдин, Дж.Лондондун, Р.Тагордун, К.Берковичтин, М.Горькийдин, Л.Толстойдун, В.Короленконун, Н.Гоголдун, А.Чеховдун ж.б.лардын чыгармалары менен таанышып гана тим болбостон алардын көпчүлүгүнүн көркөм туундуларын казак тилине которгон да.

Ж.Аймауытов социалдык карама-каршылыктар өтө катуу курчуган казак коомунун тарыхындагы өзгөчө мезгилде жашады. Буга карабастан акын жана сынчы Ж.Аймауытов өзүнүн мекендештери – Алаш идеясынын жолун жолдоочулар менен бир катарда казак элинин руханий турмушунда көрүнүктүү из калтыра алды. Мына ушул чен-өлчөмдөн алып караганда анын чыгармачылыгы келечектеги муундар үчүн баа жеткис руханий казынага айланды. Жусыпбек Аймауытовдун калеминен жаралган эң сонун ойлор улуттук адабиятыбыз үчүн жолдон адаштырбас шам чырак болуу менен дагы көптөгөн муундар үчүн актуалдуу боюнча кала берери шексиз.

**Диссертациянын негизги мазмуну автордун төмөнкү илимий макалаларында жарыяланган:**

1. Жакупова А.О. Жүсіпбек Аймауытұлы және әдеби сын // Білім беру және ғылым: даму көкжиегі: халықаралық ғылыми-тәжірибелік конференция материалдары, I-бөлім. [Текст] А.О. Жакупова – Алматы, 2010. – 115-117 бб.

2. Жакупова А.О. Жүсіпбек Аймауытұлы әдебиет сыншысы // Білім беру және ғылым: даму көкжиегі: халықаралық ғылыми-тәжірибелік конференция материалдары, II-бөлім. [Текст] А.О. Жакупова – Алматы, 2010. – 115-117 бб.

3. Жакупова А.О. Ұлт мүддесін көздеген сыншы [Текст] // А.О. Жакупова // Ақиқат – Алматы, 2010. - №11, – 60-64 бб.

4. Жакупова А.О. Көркем әдеби сын көкжиегі [Текст] // А.О. Жакупова // Қазақ тілі мен әдебиеті. – Алматы, 2010. - №11-12 (23-24), – 2-5 бб.

5. Жакупова А.О. Жүсіпбек Аймауытұлы – әдебиет сыншысы [Текст] // А.О. Жакупова // Қазақ тілі мен әдебиеті. – Алматы, 2011. - №1 (25), – 9-11 бб.

6. Жакупова А.О. О статьях Жусыпбека Аймауытова, вышедших в свет под литературным псевдонимом «Екеу» [Текст] // А.О. Жакупова // Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева – Бишкек, 2014. - № 1. – 69-71 бб.

7. Жакупова А.О. Критик служивший народу [Текст] // А.О. Жакупова // Вестник Кыргызского государственного университета им.И.Арабаева – Бишкек, 2014. - №1. – 71-74 бб.

8. Жакупова А.О. Мағжанның ақындық өнері хақындағы Жүсіпбектің көзқарасы // «Мәңгілік ел» идеясы және білім берудегі модернизация» атты Республикалық ғылыми-практикалық конференциясының еңбектері, 1-том [Текст] // А.О. Жакупова. – Тараз: Тараз мемлекеттік педагогикалық институты, 2015. – 83-85 бб.

9. Жакупова А.О. Современное состояние и перспективы развития казахской литературной критики в свете рассмотрения наследия Ж.Аймауытова // "Современное языкознание: проблемы и перспективы". Сборник материалов I международной научно-практической конференции [Текст] // А.О. Жакупова. – Нижний Новгород, 2016. – 4-9 бб.

10. Жакупова А.О. Основоположник казахской литературной критики [Текст] // А.О. Жакупова // Филологический аспект: международный научно-практический электронный журнал – Нижний Новгород: НОО «Профессиональная наука», 2016. – №4. – 31-35 бб.

11. Жакупова А.О. Жусыпбек Аймауытов и литературная критика [Текст] // А.О. Жакупова // Вестник Кыргызского национального университета им.Ж.Баласагына – Бишкек, 2016.

12. Жакупова А.О. Взгляды Жусыпбека Аймауытова на творчество Магжана. (Текст) // А.О.Жакупова // Филологический аспект:Международной научно-практический электронный журнал-Нижный Новгород: НОО «Прфессиональная наука», 2016,-№6.-53.(Текст)

13. Жакупова А.О. Жусупбек Аймауытов и вопросы воспитания. //(Текст) Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.-Бишкек,2016,№9-265-272 с.

14. Жакупова А.О Творчесвто Ж.Аймауытов дооктябрского периода (Текст)-Бишкек,2016,№9.-269-272 с.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Жакуповой Алии Омиржановны «Жусыпбек Аймауытов и казахская литературная критика», представленной на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.03 – литература стран народов зарубежья (казахская литература).**

**Ключевые слова:** архивные документы литературы, духовная культура, идеологическая направленность, казахская литература, критическое наследие, литературная критика, литературный процесс, национальное искусство, общественно-политическое значение, просветительство, социально-исторический подход, художественное мастерство.

**Материал** исследования – литературно-критическое, публицистическое и художественное наследие Ж. Аймауытова (публикации: Собр. соч. в 5 тт., тексты, не вошедшие в основной корпус, архивные документы и материалы).

**Предмет** исследования – казахская литературная критика в ее становлении и историческом развитии, в связи с общественными приоритетами и тенденциями времени.

**Объект** исследования – выявляемые в материале особенности аналитической концептуальности значительного казахского критика-просветителя и публициста.

**Цель** исследования: выяснение, применительно к материалу казахской литературы, характера воздействия значительной творческой личности – критика, публициста, прозаика Ж. Аймауытова, определение его роли в формировании и развитии литературной критики; раскрытие общественно-политической содержательности казахской литературы рассматриваемого периода, особенностей литературной среды; оценка вклада Аймауытова в развитие теории и критики отечественной литературы, в развитие критических жанров, в исследование творчества М. Жумабаева.

**Научная новизна** диссертации заключается во всестороннем исследовании материала критических статей Аймауытова, впервые вводимых в научный оборот, в систематизации критико-публицистического материала (в том числе и в первую очередь – архивных документов), методологических воззрений, выразившихся в определении жанровых черт современной критику отечественной литературы. Реферируемая диссертация вносит свой вклад в осмысление истории казахской литературной критики и определение ее оригинальных особенностей.

**Теоретико-методологические основы исследования** выразились в историко-типологическом подходе, в русле традиций современного изучения системы литературы в соотнесенности с общественно-политическими процессами, синхронического и диахронического рассмотрения литературного процесса, с опорой на труды казахских и кыргызских ученых.

**Сфера использования и практическое применение диссертации.** Итоговые положения исследования как вклад в отечественное литературоведение сориентированы на современное научное обобщение истории казахской литературы, на преподавание и изучение ее узловых вопросов в университетах и общеобразовательной школе, на соответствующую методическую работу по обновлению содержания учебных программ.

**10.01.03 – чет эл адабияты (казак адабияты) адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изиденип алуу үчүн сунушталган Жакупова Алия Омиржановнанын «Жусыпбек Аймауытов жана казак адабий сыны» деп аталган диссертациясынын**


## РЕЗЮМЕСИ

**Өзөктүк сөздөр:** адабияттын архивдик документтери, руханий маданият, идеологиялык багыт, казак адабияты, адабий сын мурастары, адабий сын, адабий процесс, улуттук искусство,  коомдук-саясий маани, агартуучулук, коомдук-тарыхый мамиле, көркөм чеберчилик.

**Изилдөөнүн материалы** – Ж.Аймауытовдун адабий-сынчыл, публицистикалык жана көркөм мурасы (чыгармаларынын 5 томдук жыйнагы, бул томдуктарга кирбей калган тексттер, архивдик документтер жана материалдар)

**Изилдөөнүн предмети** – коомдун өзөктүк мамилелери жана мезгилдин агымдары менен байланышта болгон казак адабий сынынын калыптанышы жана тарыхый өнүгүшү.

**Изилдөөнүн объектиси** – көрүнүктүү казак адабий сынчы-агартуучусу жана публицисти Ж.Аймауытовдун адабий мурасында көрүнгөн концептуалдуу ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүгү.

**Изилдөөнүн максаты** – сынчы, публицист, прозачы Ж.Аймауытовдун чыгармачылыгы казак адабиятынын ажырагыс бир бөлүгү экендигин ачып берүү; казак адабий сынынын калыптанышы менен өнүгүшүндө анын ролун аныктоо; каралып жаткан мезгилдеги казак адабиятынын коомдук-саясий маани-маңызын көрсөтүп берүү; казак адабияттаануусунун теориясы менен сынынын өнүгүшүндө, адабий сындын жанрларынын өнүгүшүндө, М.Жумабаевдин чыгармачылыгын изилдөөдө Ж.Аймауытовдун кошкон салымына баа берүү.

**Илимий жаңылыгы –** Ж. Аймауытовдун адаби-сын макалалары, илимий иликтөө чөйрөсүнө биринчи жолу кошулуп жаткан эмгектери ар тараптуу изилдөөгө алынды. Сынчыл-публицистикалык материалдары (биринчи кезекте – архивдик документтери) системага салынды; казак адабиятындагыадабий сындын жанрларына берилген аныктамалары талдоого алынды. Бул диссертация казак адабий сынынын тарыхын таанып билүүгөөз салымын кошо алат.

**Изилдөөнүүн теориялык-методологиялык негизи** – адабиятты коомдук-саясий процесстер менен байланышта салыштырма-типологиялык өңүттөн талдоо, казак жана кыргыз окумуштууларынын эмгектерине таянуу менен адабий процессти синхрондуу жана диахрондуу кароо.

**Пайдалануу чөйрөсү жана практикалык жактан колдонулушу.** Диссертанттын жеке салымы катары эсептеле турган изилдөөнүн жыйынтыктоочу жоболорун казак адабиятын мектептерде, университеттерде окутууда, окуу программаларын жаңылоодо колдонсо болот.

## Abstract

**of dissertation of Zhakupova Aliia Omirzhanovna on the topic: “Zhusypbek Aimauytov and Kazakh Literary Criticism”, presented for the degree of Candidate of Philology, major: 10.01.03 - Literature of the Countries of Foreign Peoples (Kazakh literature).**

**Key words:** archival documents of literature, spiritual culture, ideological orientation, Kazakh literature, the critical heritage, literary criticism, literature process, national art, social and political value, enlightenment, socio-historical approach and artistic skill.

**Material of the study** is the literary-critical, journalistic and artistic heritage of Zh. Aimauytov (publications: Collected Works in 5 vols., Texts not included in the main text, archival documents and materials).

**Subject of the study** is Kazakh literary criticism in its formation and historical development, in connection with public priorities and time trends.

**Object** of the study is the features of the analytical conceptuality of a significant Kazakh critic, educator and publicist, which are revealed in the material.

**Objective of the study** is clarification, in relation to the material of Kazakh literature, the nature of the impact of significant creative personality - the critic, essayist, novelist Zh. Aimauytov, defining his role in the formation and development of literary criticism; disclosure of social and political inclusiveness of the Kazakh literature of the reviewed period, the characteristics of the literary world; assessment of Aimauytov’s contribution to the development of the theory and criticism of the homeland literature, to the development of critical genres in the study of oeuvre of M. Zhumabaev.

**Scientific novelty** of the dissertation is in the comprehensive material study of critical articles by Aimauytov, for the first time introduced into scientific circulation, the systematization of critical journalistic material (including first – archival documents), methodological views, as expressed in the definition of the genre features of the modern criticism of homeland literature. The refereed dissertation contributes to the understanding of the history of the Kazakh literary criticism and the definition of its original features.

**Theoretical and methodological basis of the study** was expressed in historical-typological approach, in line with the traditions of the modern study of the system of literature in correlation with the socio-political processes, synchronic and diachronic review of the literary process, based on the works of Kazakh and Kyrgyz scientists.

**The scope of the use and practical application of the** dissertation. The outcome of the study as a contribution to the domestic literature focused on the modern scientific synthesis of the history of Kazakh literature on teaching and learning its core issues at universities and schools, on the appropriate methodological work on updating the content of educational programs.

18.11.2016-ж. басууга кол коюлду. Өлчөмү 60Х84 1/32.
Кагаз офсет. Офсеттик басуу. Көлөмү 1,4 б.т. Нускасы 130.
ЖЧК «Полиграф-ресурс», Бишкек ш., Кулатов к, 4.